1. Б.Календеров атындагы орто мектебинде Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 токтомуна ылайык окуучулар арасындагы кылмыштуулуктун,зордук-зомбулуктун,укук бузуулардын,диний экстремизмдин алдын алуу багытында айыл аймактарында ата-энелердин катышуусу менен өткөрүлгөн чогулуштун

Протоколу

14.10.2022-жыл Чолок-Кайың айылы

Чогулушка катышкандар:

1.Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы-Эсеналиев.К.А
2.Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын акиминин орун басары-Карагулова. К.Т.
3.Социалдык өнүктүрүүнүн башкармалыгынын башчысынын орун басары-Осмонов. Б.Ж.
4.Райондук ички иштер бөлүмүнүн кызматкери-Керимов. А
5.Ак-Талаа райондук прокуратурасынын милдетин аткаруучу-Атаевич.М
6.Ак-Талаа районунун имам хатиби-Эсеналиев.А.А

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1.Окуучулар арасында кылмыштуулуктун,зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча.
2.Диний экстремиздин алдын алуу.
3.Көрсөтүлгөн видео боюнча талкуу.

Чогулуштун жүрүшү:
Кенеева Гүлнара. Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер бүгүнкү чогулушка атайын райондон келип катышып атышат,сиздер менен балдарыбыздын келечеги үчүн балдарыбыздын жакшы билим алышы жөнүндө маалымат берип,атайын сиздер үчүн,сиздердин балдар үчүн видео көрсөтүшөт.
Сөздү райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Эсеналиев Каныбек Алтымышовичке беребиз.
Эсеналиев Каныбек:Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер,эжелер жана окуучулар.Ден соолугуңуздар жакшыбы,балдарыңыздарды окууга жакшы киргизип алдыныздарбы?Баарыңыздар алдын ала даярдалган видеону көрдүңүздөр.Кырсык,зордук-зомбулук,уруулук болуп кетпеши үчүн баарыбыз бирге алдын алышыбыз керек.Балдардын психологиялык аң сезими жылдан жылга өөрчүп келе жатат.Биздикинен күчтүү.
Маалыматтык согуш,социалдык тарабынан өсүп,өөрчүүсү болуп жатат.Мектеп-жалпы билим берүүчү уюм.Мугалим сабак өтүп билим берет.
Бир суткада 24 саат болсо,6 саат мектепте болот.Калган убактысы үйдө болот.Уйдөн адеп-ахлакка көңүл бөлүүбүз керек.Жогору жактан күнөө издебей,өзубүздү тарбиялап өзүбүздүн балдарыбызды өзүбүз тарбиялап,балдарыбызга туура жол көрсөтүшүбүз керек.Чай үстүндө отурганда да мугалимди жамандабай,баланы психологиялык жактан туура тарбия берүүбүз керек.
Экинчи маселе:милдеттен мурда укукту коюп койдук.Тарбия маселесин колго алуу керек.үй бүлөдө мыкты тарбия берсе,мыкты уул,мыкты кыз өсүп чыгат.
Анда сөз Кенже Турганалиевнага берилет.Саламатсыздарбы урматтуу апалар жана окуучулар бүгүнкү жыйналышка убактыңыздарды бөлүп келгениңиздер үчүн чоон рахмат.Окуу жылын жакшы баштап,балдарыңыздарды жакшынакай кылып дардап алдыңыздар деп ишенем.Балдарыңыздар келечекте сиздердин,эже-агайларынын үмүтүн актаган эң жакшы адамдардан болушусун.Балдар азыркы убакта сиздердин

тарбияңыздарга муктаж мектептен билим гана алышат.Мугалим сабагын берет,билимин берет бир жакшы нерсе билип,үйрөнүп алсын деп аракет кылышат ал эми тарбияны урматтуу ата-энелер сиздер бересиздер.Азыр көргөн видодогудай болуп кетпес үчүн сиздер балдарыңыздарга убактыңыздарды бөлүп,көбүрөөк аңгемелешип турушуңуздар керек.

Атаевич : Урматтуу ата-энелер азыркы убакта балдардын көпчүлүгү интернет,телефон менен отуруп сабакты да унутуп коюп жатышат.Телефоедо отурганда эмне менен алек болуп,эмнени көрүп жатышат карап кечкисин кандайдыр бир убакытта аып салып көндүрүңүздөр.Телефон менен эле жаман адаттарды өздөрүнө тартып алышат.

Керимов А.Саламатсыздарбы урматтуу бүгүнкү жыйналыштын катышуучуоары.Кылмыштуулукту,зордук-зомбулукту баарыбыз биргеликте алдын алуубуз керек.Кечкисн эшикке көп чыгарбай котролдоп туруубуз керек урматтуу ата-энелер.Зордук –зомбулукка жол жок дейбиз бирок кечкисин эшикке чыккан балдар кантип кабылганын билбей калат.

Осмонов Б.Ж.Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер жана окуучулар бул мектепте документи жок балдар жок. Ата-энеси ички мигранттын балдары бар ошол окуучуларга өзгөчө  көңүл бөлүңүздөр. Ата-энелер менен мугалимдер тыгыз байланышта болуңуздар.

Эсеналиев А.К.Урматтуу ата-энелер жана окуучулар баарыңыздарга жакшы күндөрдү,жакшы ойлорду ойлошуңуздарды каалайм.Балдарыбыз адептүү болушсун чоңойгондо ата-энемди,апамды Меккеге алып барам деп аракет кылышсын.Алдыларына максат койсун

Ата-энелердин атынан Төрөкожоева Анаркүл: келгениңиздерге чооң рахмат. Баарыбыз бала үчүн жашайт экенбиз,балдарыбыз ыймандуу болсо экен,жаман ишке кабылып калбасын деп эле атабыз.Сиздердин ишиңиздерге да ийгилик каалайбыз.Ден сололугуңуздар болсун бат-бат келип туруңуздар.Сиздердин айтканыңыздар мүмкүн балдарыбызга таасирдүүрөк болоор.Биз деле күнүгө айтып атабыз.Балдарды коомдук жумуштарга тартышыбыз керек.Биз убагында сакмалга,чөпкө барып эле жакшынакай жүрчүбүз.Азыркы  балдар антип иш кылбайт. Балдарыбызга ыйман берсин.

Окуучулардын атынан 11-класстын окуучусу Орозобек кызы Жазгүл:

Сиздердин келип бергениңиздер үчүн чооң рахмат айтабыз.Айтылган акылдарды өзүбүзгө алабыз.Ата-энебизди,мугалимдерибизди уят кылбайбыз.

Баардыгы жакшы болот,жакшы окуйбуз.

Кенеева Гүлнара:Биздин мектепте чогулуштар убагында өткөрүлүп турат.Алдын алуу кеңеши менен да тыгыгз иш алып барабыз.Сиздердин келгениңиздерге да чооң рахмат. Келип сүйлөп бергениңиздер бизге эле эмес окуучларга да чооң таасирин тийгизет.

Б.Календеров атындагы орто мектебинин директорунун милдетин аткаруучу: Кенеева Гүлнара.

Б.Календеров атындагы орто мектебинин уюштуруучусу: Разакулова Кундуз

Б.Календеров атындагы орто мектебинин социалдык педагогу: Курманалиева Нуржан

2.Б.Календеров атындагы орто мектебинде Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 токтомуна ылайык окуучулар арасындагы кылмыштуулуктун,зордук-зомбулуктун,укук бузуулардын,диний экстремизмдин алдын алуу багытында айыл аймактарында ата-энелердин катышуусу менен өткөрүлгөн чогулуштун

Протоколу

13.03.2023-жыл Чолок-Кайың айылы

Чогулушка катышкандар:
1.Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси-Исаманбетова. Д.
2.Социалдык өнүктүрүүнүн башкармалыгынын башчысынын орун басары-Осмонов.Б.Ж.
3.Ак-Талаа районунун имам хатиби-Эсеналиев.А.А.
4.Ак-Талаа РИИБдин ККнын улук МУУнын инспектору Разаков.А
5.Ак-Талаа РИИБдин ККнын МУУнын инспектору милициянын кенже лейтенанты Султанбеков.Н

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Окуучулар арасында кылмыштуулуктун,зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча.
2.Диний экстремизмди алдын алуу,окуучуларды ыймanга,адептүүлүккө тарбиялоо
3.Көрсөтүлгөн видео жана сценка боюнча талкуу.

Чогулуштун жүрүшү:
Исаманбетова.Д: Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер жана окуучулар.Ден соолугуңуздар жакшыбы,балдарыбыздын окууларында жетишкендиктер болуп атат деп ишенем.Сиздерге бүгүнкү чогулушка атайын райондон адистер келип маалымат бергени турушат.
Анда видеоңуздар даяр болсо көрөлү дагы анан талкууга өтөлү.
“Кылмыштуулукту алдын алуу” темасында мектептеги кылмыштуулук жана рекетчилик жөнүндө даярдалган видео көрсөтүлдү.
10-класстын кыздары даярдаган үй бүлөдөгү уруп согуу,мигранттын баласынын абалы жөнүндө сценка даярдалып көрсөтүлдү.
Осмонов.Б: Урматтуу ата-энелер жогоруда сиздерге маалымат жеткирүү үчүн атайын сценка,видео даярдалыптыр өзүңүздөр көрдүңүздөр баардыгы окуучу балдарга байланыштуу болуп атат.Баарыбыз балдарыбызды үйдөн жакшы карайлы.Митиркасы жок балдар болсо кайрылыңыздар.үйдөн зомбулук көргөн балдар бар болсо жашыруун кутучага салгылы,жашыруун телефонго чалгыла.
Разаков.А:Урматтуу ата-энелер мугалимдер менен балдарыңыздар үчүн тыгыз байланышта болуңуздар.Балдардын көпчүлүгү телефон,интернет менен болуп атышат.Сабактарды даярдашына,сабак окууга,китеп окуусуна көбүрөөк көңүл бөлүңүздөр.Телефондо эмне менен алектенип,эмнени көрүп эмнени ойноп жатышкандарын билип көзөмөлдөп туруңуздар.Кылмыштуулукту биз эле эмес,эже-агайлар эле эмес баарыбыз бирге алдын алуубуз керек.
Окуучулар кечкисин рейдке чыгып турабыз кармалып калбагыла.Кечкисин үйдө болуш керек экенин баарыңыздар билесиңер.Кылмыштын көбү кечкисин болот.Кээде жөн эле көчөгө чыгып эле ур токмокко кабылып калышыңар мүмкүн.Кантип кылмыштуулукка кабылып калганыңарды билбей каласыңар.
Ата-энелер балдарыңыздардын келечеги үчүн көбүрөөк көңүл бөлүңүздөр.

Эсеналиев.А:Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер биз буга чейин деле келип жүробуз сиздер менен жолугуп маектешип дегендей. Баарыңыздардын жүрөгүңүздөргө тынчтык каалайм.Жүрөгүбүздө тынчтык болсо бейпил турмуш болот. Балдарыбыздын келечеги үчүн чогуу аракет кылалы сиздердин балдарыңыздар үчүн эле мугалим эже-агайлар аракеттениш керек эмес баарыбыз бирге аракеттенип,окууларына шарттарды түзүп берип кайда барганына,кайда басканына үйдөн көбүрөөк көңүл бөлүшүбүз керек.Үйдөн тарбия мыкты болсо балдарыбыз адептүү жана жоопкерчиликтүү болот.Өзүбүздүн балдарыбызды өзүбүз тарбиялайлы.Кырсык болуп кетпеши үчүн баарыбыз бирге алдын алышыбыз керек.

Мына азыр көрөтүлгөн видеодо көрдүңүздөр билинбей эле кичинекей бала уурулук кылып койду.Ал эмне үчүн кылды? Ошону ойлодуңуздарбы урматтуу ата-эне.Мына ушундай окуялар болбошу үүн алдын алышыбыз керек.

Сөз мектептин директору Ашырбеков Мелисте: Саламатсыздарбы ата-энелер,келген коноктор балдарыбыздын келечеги баарыбызды ойлонтпой койбойт.Баарыбыз балдар үчүн жакшы шарттарды түзүп берүүгө аракет кылабыз.Бүгүн сиздер менен болгон жолугушуу,окуучулардын сценкасы көрүп аткан балдар үчүн таасирдүү болду деп ойлойм. Балдар үчүн көзөмөл жакшы жүргүзүлүп келет.Келгениңиздер үчүн чооң рахмат.

Ата-энелердин атынан Болбурова Дамира: Келгениңиздерге чооң рахмат. Балдарыбыз үчүн жакшы сөздөр айтылды.Жаман кырсыктардан,кылмыштуулуктан кудай сактасын. Жакшы адамдар менен сүйлөшсөң жакшы ойлор пайда болот дегендей сиздер менен сүйлөшүү балдарыбыз үчүн жакшы ойлорду,жакшы сезимдерди пайда кылды деп ишенем.

Исаманбетова.Д: Сиздерге дагы чооң рахмат.Балдарыбыздын келечеги,бактылуу жашоосу үчүн тынбай күрөшө берели.Балдарыбызга келечектерин кенен каалайлы.Сиздерде башка сөз жок болсо чогулушту жаба берели.

Б.Календеров атындагы орто мектебинин директору: Ашырбеков.М

Б.Календеров атындагы орто мектебинин уюштуруучусу: Разакулова.К

Б.Календеров атындагы орто мектебинин соц.педагогу: Курманалиева.Н